**МЭЖК-га 02-003-2022-003428**
**саны менен катталган материал боюнча**
**МААЛЫМАТ**

2022 жылдын 15 февралында «Кактус Медиа» баракчасында Дили Юсупованын «Шайлоочулар Элнура Алканованын агитаторлоруна нааразы» деген макаласы чыккан, аталган макалада Бишкек шаарынын Свердлов бир мандатуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенещинин депутаттыгына талапкер Э.Алканованын агитаторлору тарабынан шайлоо мыйзамдары бузгандыгы жонундр корсотулгон.

Автору белгилегендей Жогорку Кенештин депутаттыгына талапкер Э.Алканованын агитаторлору Э.Алканованы колдоп Жогорку Кенещтин депутаттарын кайра шайлоо куну добуш беруу учун ар бирине 5000 сомдон толоп берууну убада кылып Бишкек шаарынын Москва жана Кольбаев кочолорундо жашаган шайлоочулардан, алардын абоненттик номурларын жана паспорттук маалыматтарын сурап журушот деп жазган.

Аталган факт Бишкек шаарынын Свердлов РИИБнин МЭЖге 20.02.2022 жылы 02-003-2022-003428 саны менен катталып тергоо чейинки ондуруш иши ачылган.

Кубо катарында Суралган Айсаева Шадия Юсупжановна, томондогучо корсотмо берген, ал 2019-жылдан бери Бишкек шаарынын, Көлбаев көчөсүндөгү, №14 үйдүн үй комитети болуп иштеп келет. Ошондой эле, кайрылуу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер Э.Алканованын жеке өзү же жардамчылары тарабынан эч нерсе сунуштаган эмес, жашоочулар тууралуу маалымат эч кимге берилген эместигин корсоткон.

Кубо катарында суралган Асылбекова Айнагүл Салиевна, эки үйдүн, тактап айтканда Бишкек шаарынын, Сүйүмбаев көчөсүндөгү №12 үйдүн, Москва көчөсүндөгү №15 үйдүн үй комитети экенин, бул кызматта 2006-жылдан бери иштеп келе жатканын, ошондой эле жеке КР ЖК депутаттагына талапкер Э.Алканова, анын атынан эч ким келген эмес, жашоочулардын паспорттук маалыматтарын эч кимге берген эмес жана бербей тургандыгын корсоткон.

КР ЖК депутаттыгына талапкер Алканова Элнура үгүтчүлөрүнүн паспорттук маалыматтарын, шайлоочулардын телефон номерлерин сураган жана добуш берүү үчүн 500 сом убада кылган аракеттери боюнча, бул маалымат туура эмес жана негизсиз, деп билдирген.

2022-жылдын 22-февралында тергөө текшерүүсүнө чейинки материалдын негизинде Кыргыз Республикасынын Жазык процесстик кодексинин 27-беренесинин 1-бөлүгүнүн 2-пунктунун негизинде кылмыш ишин козгоодон баш тартылган. (01-001-004088) Ошол эле куну Бишкек шаарынын Свердлов округунун шайлоо котмиссиясынын төрагасы А.Кулдановго билдируу жонотулгон.

Бишкек шаарынын Свердлов РИИБнин
Тергоо кызматы